«Макулдашылды»
педогогикалык кенешме
токтом № 1
«30» 08 2022-ж

«Бекитемин»
Мектеп мүдүрү
Эшимканова Г.Э

Ата-энелер чогулушунун

ЖОБОСУ

1. **Жалпы жобо**

1.1. Бул жобо КРнын "Билим берүү жөнүндөгү"мыйзамы, мектептин уставынын негизинде Байгелди жалпы билим берүү негизги мектеби үчүн иштелип чыкты.

1.2. Ата-энелер чогулушу-мектептин окуу-тарбия процессинин жеткиликтүүлүгүнө жана өсүшүнө жардам берүү максатында уюштурулган өзүн-өзү башкаруучу коллегиалдуу орган.

1.3. Ата-энелер чогулушунун курамына мектепте окуган бардык окуучулардын ата-энелери (мыйздамдуу өкүлдөрү) кирет.

1.4. Ата-энелер чогулушунун чечимдери пед.кеңешмеде, зарыл болсо мектептин жалпы чогулушунда каралат.

1.5. Бул жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор мектептин ата-энелер чогулунда киргизилет жана кабыл алынат.

1.6. Бул жобонун мөөнөтү чектелбейт жана жаңысын кабыл алганча жарактуу.

2. **Ата-энелер чогулушунун негизги милдеттери**

2.1. Ата-энелер чогулушунун негизги милдеттери болуп :

-Мамлекеттик, аймактык билим берүү бөлүмүнүн саясатын ишке ашыруу үчүн мектептин жана ата-энелер коомчулугунун биргелешкен кызматташуусу.

-Мектептин негизги өнүгүү багыттарын карап чыгуу жана талкулоо.

-Мектептеги кошумча акы төлөнүүчү кызматтарды же окутууларды талкуулоо жана бекитүү

-Мектептеги билим берүү, тарбия, өнүктүрүү жана ден-соолукту чыңдоо суроолору боюнча педагогикалык жаамат менен ата-энелер кооомунун кыймыл аракетин жөнгө салуу.

**3.Ата-энелер чогулушунун функциялары**

-Мектептин ата-энелер чогулушу:

-Мектептин (класстын) ата-энелер комитетин шайлайт.

-Мектептин ата-энелер коому менен өз ара аракеттерине тиешелүү болгон устав жана башка локалдык актылар менен таанышат, мектептин ата-энелер комитетине керектүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү суроолорду коет.